**И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин эксперти, педагогика илимдеринин кондидаты, профессор Т.Т. Иманалиевдин изденүүчү С. Ш. Кошалиеванын “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар” деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча**

# К О Р У Т У Н Д У С У

Эксперт изденүүчү Салтанат Шайдулаевна Кошалиеванын педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар” деген темадагы диссертациялык ишин карап чыгып төмөндөгүдөй чечимге келди.

**1. Диссертацияны коргоого кабыл алынуучу диссертациялык кеңештин укугу боюнча адистикке иштин дал келиши.**

С. Кошалиева тарабынан жазылып, сунушталган диссертациялык иш Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иштин мазмуну 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна жооп берет. Иштин негизги натыйжалары мектепке чейинки балдардын ден соолугун сактоочу педагогикалык технологиялардын сапатын баалап жана тандап ала турган методдорду, педагогикалык шарттарды, мектепке чейинки курактагы балдарга билим берүү процессинде педагогикалык технологияларды пайдаланууну, мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөтүүчү зарыл сапаттарды балдарда калыптандыруунун мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт.

**2. Иштин максаты:** мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөтүүчү заманбап технологияларды аныктоо. Көрсөтүлгөн максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн изилдөөнүн алдында төмөнкү милдеттер коюлган:

1. Ден соолукту сактоого багытталган педагогикалык технологиялар жөнүндөгү психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдү иликтеп, окуу жана мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу заманбап технологияларды мүнөздөө.

2. Педагогикалык шарттарды ачып көрсөтүү жана мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту чыңдоочу технологияларды пайдалануунун моделин түзүү.

3. Ден соолукту сактоочу технологиялардын моделин ишке киргизүү боюнча эксперимендалдык иш жүргүзүү жана алардын мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча натыйжалуулугун далилдөө.

Диссертациялык иштин максаты, коюлган милдеттери жетиштүү эле деңгээлде аныкталган. Жалпысынан, диссертациялык иштин темасы актуалдуу, жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхына тийиштүү салым кошо алат деп эсептесе болот.

## 3. Илимий натыйжалар

3.1. Диссертациялык иште үч натыйжа көрсөтүлгөн: Ден соолукту сактоого багытталган педагогикалык технологиялар жөнүндөгү психологиялык-педагогикалык изилдөөлөр иликтенип мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу заманбап технологиялар мүнөздөлдү (1-натыйжа), педагогикалык шарттар аныкталды жана мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоочу технологияларды пайдалануунун модели түзүлдү (2-натыйжа), ден соолукту сактоочу технологиялардын моделин ишке киргизүү боюнча эксперименталдык иш жүргүзүлүп, алардын мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча натыйжалуулугу далилденди (3-натыйжа).

Биздин оюбузча, изилдөөлөрдүн негизинде алынган натыйжалар ынанымдуу жана илимий багытта жетишерлик баалуулукка татыктуу.

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында изденүүчү 243 аталыштагы адабият булактарын изилдеп жана талдап, илимий-теориялык жоболорго таянып жана аларды негиздүү колдонуп топтолгон материалдарды жетиштүү деңгээлде интерпретациялоого жетише алган.

3.3. Диссертациялык иштин жетиштүү деңгээлдеги теориялык жана практикалык мааниси бар, анткени, изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу заманбап технологиялары, педагогикалык шарттары, мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоочу технологияларды пайдалуунун модели мектепке чейинки курактагы балддардын ден соолугун мындан аары чыңдоого, сактоого жана өркүндөтүүгө негиз боло алышат.

3.4. Квалификациялык белгилерге дал келиши. Диссертациялык иш мүнөзү боюнча илимий өңүттө негиздүү жоболорду камтыйт, жаңылыгы боюнча алынган натыйжалар жаңы жана баалуу, тармактын алкагында колдонууга жарайт.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык теманын алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде изденүүчү тарабынан аныкталган мектепке чейинки куурактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу заманбап технологиялары, педагогикалык шарттары, мектепке чейинки куурактагы балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоого технологияларды пайдалануунун модели мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо, сактоо жана өркүндөтүү багытында иш жүзүндө колдонсо болот, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин педагогдору үчүн "Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды пайдалануу" деген методикалык сунуштама иштелип чыгып апробацияланды, ден соолукту сактоочу педагогикалык технологиялардын сапатын баалаган диагностикалык методдордун комплекси бөлүнүп көрсөтүлдү.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмунуна дал келбейт. Диссертациянын темасынын актуалдуулугунда, коюлган милдеттерде (1,2-милдеттер), алынган натыйжалардын илимий жаңылыгында, коргоого алып чыккан негизги жоболордо, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышында, титулдук бетте ж.б. айырмачылыктар кездешет. Авторефератта кыргыз, орус жана англис тилдеринде резюмелер бар.

**6. Кемчиликтер**

6.1. Изилдөөлөрдөн келип чыккан корутундуларды мындан да конкреттештирүү талапка ылайык. Себеби, 1-милдетте ... балдардын ден соолугун чыңдоочу заманбап технологияларды мүнөздөө деп берилген, бирок, 1-корутундуда жалпы эле технологиялар мүнөздөлдү болуп берилген, ошондуктан кайсыл технологиялар мүнөздөлгөнүн атап кетсе ашык болбойт эле, же болбосо, 3-корутунду жалпы моделдин натыйжалуулугун белгилейт, моделдеги заманбап технологиялардын натыйжалуулуктарын кыскача чечмелеп атап берсе, ынанымдуурак болмок.

6.2. Диссертациялык иштин 121-бетиндеги моделди кайра карап, аныкталган педагогикалык шарттарды жана балдардын ден соолугун сактоого көмөк көрсөткөн заманбап технологияларды кошуп ондоп коюуу моделдин маанисин көтөрөт. Биздин оюбузча, моделдин ушундай берилиши туура болбой калат.

6.3. Иштин 109-бетинде, 1-педагогикалык шартта ... программаларды иштеп чыгуу жана колдонуу деп берилген бирок андай программа жок (тексте да, тиркемелерде да).

6.4. Изилдөөнүн объектиси менен предметин (мазмунун) алмаштыруу, биздин оюбузча, туура болмок.

6.5. 1-баптын көлөмү абдан эле чоң болуп калган (жалпы көлөмдүн 44%), инструкцияга ылайык анын көлөмү 25% дан жогору болбош керек.

6.6. Диссертациялык иштин 1-бапында изилдөөнүн проблемасы боюнча Кыргызстандык илимпоздордун салымы, аты жөндөрү жокко эсе, болгону Н. Асипова, Г. Карабалаева, Б. Жусуева сыяктуу окмуштуу-илимпоздор эле бар, же бул проблема Кыргызстанда изилденген эмеспи? Андай болсо 1-баптын корутундусуна көрсөтүү туура болмок.

6.7. Изилдөөнүн 2-бапындагы изденүүчү тарабынан колдонулган изилдөө методдорун конкреттештирүү зарыл. Изилдөө методдору изденүүчү тарабынан кандай колдонулганы ачыкталбай калган. Мисалы "аңгемелешүү" – ким менен, эмне максатта? же "анкеттөө"– кимди, эмне үчүн, канча адамды? ж.б.

6.8. Изилдөөнүн 2-бапынын, 2.1. бөлүмү: Балдардын ден соолугун чыңдоо технологиялары жана изилдөө методдору деп аталат, бирок тексте ден соолук чыңдоо технологиялары туралуу сөз жок, ошондуктан тактап, түзөтүү зарылчылыгы бар деп ойлойбуз.

**7. Сунуштар**

Жогоруда белгиленген кемчиликтерди карап чыгып, ондоп түзөтүүлөрдү киргизүү.

**8. Кабыл алуу боюнча сунуш.** Көрсөтүлгөн кемчиликтер принципиалдуу мааниге ээ эмес, ондоп-түзөө боюнча чоң маселе жаратпайт, ушундан улам, бул көрсөтүлгөн кемчиликтер жоюлса диссертациялык ишти алдын ала коргоого кабыл алууга болот.

**9. Бүтүм.** Кошалиева Салтанаттын "Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар" деген темадагы диссертациялык иши 13.00.01– жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт жана жаңы илимий натыйжаларды камтыйт. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана аналитикалык ырастоолор негизинен жетиштүү жана педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга татыктуу.

10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып И. Арабаев атындагы КМУга жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Кошалиева Салтанаттын “Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу педагогикалык технологиялар” деген темадагы диссертациялык ишин алдын ала коргоого сунуштайм.

Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын дене тарбия жана спорттун теориясы жана методикасы кафедрасынын профессору, п.и.к. Т.Т. Иманалиев

Т.Т. Иманалиев койгон кол белгисин тастыктайм.
Диссертациялык кеңештин окмуштуу катчысы, п.и.к., доцент А.О. Абдыкапарова

14.11.2023-ж

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ